Төөлөрдүн моюнундагы тебеге байланган мончокторду да, башка мончокторду калтырбай алышсын" - деди

Абу Башир ал-Ансарий (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылат: Ал Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен кайсы бир сапарында чогуу болот. Ал айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдар турагында эс алып жатканда аларга элчисин жиберип: " Төөлөрдүн моюнундагы тебеге байланган мончокторду да, башка мончокторду калтырбай алышсын" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сапарда жүрүп, адамдар эс алууга токтоп, уктоочу жайына тиккен чатырларында турган кезде аларга чабарманын жиберип, аларды төөлөрүнүн моюнуна байлаган мончокторун кыркып алууга буйруду. Мейли ал мончок жаанын тебе жибине байланган болсун, же коңгуроо, чокой сыяктуу нерсе болсун. Анткени, алар мындай нерселерди көз тийүүдөн сактануу үчүн байлашар эле. Аларды кесип таштоого буйрулушту. Себеби мындайлардан эч нерсе кайтарылбайт б.а. мындайлар көз тийүүдөн тосо албайт. Пайда да, зыян да шериги жок Жалгыз Аллахтын колунда.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/6761